«Макулдашылган»
“Сапаттуу Билим” агенттигинин
уюштуруучуларынын кеңейтилген чогулушунун
протоколу №__4__ 07.2025

«Бекитилген»
агенттиктин директору
Бостонова П.З.
______________

**КЕСИПТИК ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙДАН КИЙИНКИ БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ФИЛОСОФИЯ ДОКТОРУНУН (PhD)/ТАРМАК БОЮНЧА ДОКТОРДУ/ОРДИНАТОРДУ ДАЯРДОО УЮМУН ИНСТИТУЦИОНАЛДЫК АККРЕДИТАЦИЯЛООНУН СТАНДАРТТАРЫ ЖАНА КРИТЕРИЙЛЕРИ**

Кесиптик жогорку окуу жайдан кийинки билим берүүнүн философия докторунун PhD)/тармак боюнча докторду/ординаторду даярдоо уюмун инстутуционалдык аккредитациялоонун стандарттары жана критерийлери Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2024-жылдын 15-майындагы № 246 токтому менен бекитилген «Билим берүү чөйрөсүндөгү аккредитациялоо талаптары жана критерийлери» койгон талаптарына ылайык иштелип чыккан.

**1- аккредитациялоо стандарты**

**1- Стандарт. Билим берүү сапатын камсыз кылуу саясаты.**
**Критерийлери:**
1.1. Стратегиялык жана учурдагы пландар билим берүү уюмунун миссиясына жетишүүгө жөндөм түзөт жана кызыкдар тараптардын керектөөлөрүн канааттандырат;
1.2. Ички башкаруу системасы натыйжалуу иштейт жана билим берүү уюмунун миссиясын ишке ашырууга жөндөм түзөт;
1.4. Билим берүү уюму билим берүү ишин жөнгө салуу боюнча ченемдик укуктук актылардын талаптарын сактайт;
1.5. Кызыкдар тараптар билим берүү уюмунун ишинин натыйжалары жөнүндө маалымат алууга мүмкүнчүлүгү бар;
1.6. Билим берүү уюму өзүнүн академиялык беделин жогорулатуу боюнча чараларды көрөт;
1.7. Билим берүү уюму билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун камсыз кылат.

**2-Стандарт. Адам ресурстарын башкаруу.**
**Критерийлери:**
2.1. Билим берүү уюму адам ресурстарын башкаруунун ачык жана объективдүү механизмдери жана жол-жоболору, анын ичинде персоналдын жана билим алуучулардын жүрүм-турумунун этикалык ченемдерине ээ;
2.2. Билим берүү уюму персоналды үзгүлтүксүз кесиптик өнүктүрүүнү жана квалификациясын жогорулатууну камсыз кылат;
2.3.Билим берүү уюму персоналдын ишин баалоонун, алардын натыйжалары боюнча чечимдерди кабыл алуунун ачык-айкын, объективдүү механизмдерине жана көрсөткүчтөрүнө ээ.

**3-Стандарт. Материалдык жана маалыматтык ресурстар.**
**Критерийлери:**
3.1. Билим берүү уюму билим алуучулардын жана персоналдын ар кандай топтору үчүн жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарды жана алардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат;

3.2.Билим берүү уюмунда материалдык жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуунун механизмдери жана көрсөткүчтөрү бар;

3.3. Билим берүү уюмунун материалдык-техникалык базасы билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздук талаптарына шайкеш келет.

**4- Стандарт. Финансылык ресурстарды башкаруу.**

**Критерийлери:**

4.1. Билим берүү уюму финансыны башкарууда, бюджетти аткарууда ачыктыкты жана айкындуулукту, негизделген финансылык пландоону камсыз кылат;

4.2. Билим берүү уюму финансылык ресурстарды башкаруунун механизмдерин жана жол-жоболорун дайыма жакшыртып турат;

4.4. Билим берүү уюму персоналга жана билим алуучуларга социалдык колдоо көрсөтөт.

4.5-критерий. Билим берүү уюму инфраструктураны өнүктүрүүгө жана билим берүү программаларынын сапатын жогорулатууга инвестициялайт.

**5-Стандарт. Илимий иш (жогорку жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү уюмдары үчүн**):

5.1. Билим берүү уюму илимий жана илимий-методикалык изилдөөлөрдү жүргүзөт;

5.2. Билим берүү уюму жетиштүү материалдык жана маалыматтык ресурстарга ээ, илимий изилдөөлөр үчүн алардын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылат;

5.3. Билим берүү уюму илимий-изилдөө стажировкасынан өтүүгө, илимий натыйжаларды жана кадрларды алмашууга көмөк көрсөтөт;

5.4. Билим берүү уюму педагогдордун сыйлоо системасын жана илимий-изилдөө иштеринин натыйжаларын билим берүү ишинде жана практика менен байланышта колдонуу боюнча индикаторлорун пайдаланат;

5.5. Билим берүү уюму илимий-метрикалык көрсөткүчтөр аркылуу персоналдын жана билим алуучулардын жарыялоо активдүүлүгүн жогорулатуу боюнча иш-чараларды жүргүзөт.